ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ЖУМАКАДЫРОВА К.А.
nbknu@mail.ru

# АКЫН С ЖУСУЕВДИН СОҢКУ МЕЗГИЛДЕГИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨРҮШҮ

- Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргызстандын Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Сооронбай Жусуев соңку мезгилде поэзия жаатында кандай иштерди жасады деген суроо туулат. 1990-жылдардан бери карай акын Сооронбай Жусуев бир топ көрүнүктүү, салмактуу чыгармаларды жаратып койду. 1991-жылы чыккан «Күмүш жылдыз» китебинен бери карай «Курманжан датка» ыр менен жазылган романы (1994), «Адамдар» (1997), «Миң кайрык» (2000), «Орус ырлары» (2000), «Канат менен Зарина» (2003), «О, анда көктөм эле» (2004), «Омар Хаямдын рубаилери» (2004), «Сөз кудурети», «Ала Тоо барда мен бармын» (2005), «Европа-Азия ырлары» (2007), «Казак ырлары», «Мен билген Чыңгыз» (2008), «Тагдырым-поэзия» (2008), китептери жарык көргөн. Ал эми 85 жаш курагында акындын жасаган эмгектери атайын чоң сөз кылууга арзыйт.
- Кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу улуу куракка жеткенине карабастан «Раззаковдун тагдыры» аттуу ыр менен жазылган көлөмдүү романын тартуулады. Муну менен катар «Таберик», «Согуш жана жеңиш» жыйнактары да поэзия сүйүүчүлөрдүн көңүлүн бура алды.Демек, кужүрмөн акын кыргыз адабиятын көлөмдүү жана көркөмдүү чыгармалары менен байытып, элине зор кызмат өтөп жаткандыгы кийинки муундар үчүн бир чети сабак, бир чети эмгекке тарбиялаган баа жеткис байлыгы болорунда шек жок.Дегеле лирикадагы Сооронбай Жусуевдин артыкчылыгы бул - анын чыгармачылык чабыты кеңири жана ар жактуу экендигинде, ошондуктан ал тема жагынан чектелип жана кысталбайт. Мейли өмүр менен өлүм, жаштык менен сүйүү, адамкерчилик менен кыянаттык же жаратылыштын көрүнүштөрү сыяктуу түбөлүктүү темаларга кайрылбасын, ырларында акындын арыштуу кадамы, жогорулоо бийиктиги сезилип турат. Акындагы дагы бир өзгөчөлүк-мезгил үнү, доор духу менен үндөшүүгө умтулуусу. Чакан лирикалык ырларда да ага бир үзүм турмуш чындыгын камтып, андан ынанарлык философиялык ой, олуттуу мазмун жыйынтыктап коёт.
- Жогоруда белгиленген жыйнактардагы ырларында ой менен эмоцияны айкалыштырып, көркөм образга, мазмундуулукка көп көңүл бөлөт. Ошондуктан ырлары талапка жооп берген, окурмандардын кызыгуусун туудурган ырлар болушу да ушул себептерден улам болсо керек.
- Акын кандай гана турмуш көрүнүштөрү жөнүндө жазбасын, жөнөкөй нерседен чоң көркөм ой табат, өзүнчө оригиналдуу, идеялык-эстетикалык жалпылоолорду жасайт. Бул анын ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугунун, сүрөттөгөн көрүнүшкө карата аналитикалык мамилесинин жыйынтыгы десек болот.
- Алсак, С.Жусуевдин «Миң кайрык» аттуу ырлар жыйнагында философиялык ойлор, этикалык, моралдык проблемаларга көбүрөөк орун берилген. Анда турмуштун ар кыл көрүнүшү баяндалат. Мисалы,

- Түгөндү эле дүйнөсү, дасмиясы,
- Түштү оозунан азили, аскиясы.
- Арбыды деп кубансак табышкандар,
- Андан артып баратат чанышкандар.

- Аларда С.Жусуевдин чебер жана сезгич акындыгы, турмушту терең билгендиги, поэзиянын нукура тазалыгын сактап, анын чыгармаларында сезимди «дүрт» эттирип от жаккан жалындуу илеп бар экендиги айтылган. Баса белгилеп кетчү нерсе- акындын азыркы күндө да активдүү иштеп, чоң ийгиликке жетишип жаткандыгы. Акындын алтын сөздөрүн окуп отуруп, анын маңдайына жалгыз медер тутканы поэзия экендигине ынанабыз. Анын поэзиясынан аялуу махабат сырларын таап, коосдуктун, сулуулуктун

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

символун көрүп, көңүл тоё турган табылгыс зор байлыгына, акындык чеберчилигине да бир жолу тан бердик. Чыныгы акын ар кандай татаал ойлорду, удургуган ички сезимдерди жөнөкөй эле сөздөр аркылуу түшүндүрүп берет. К.Даутов белгилегендей, реалдуу таасирлер менен реалдуу ой-сезимди таасын чагылдырса, жөнөкөй эле сөздөр керемет берет. Айрыкча кыргыз поэзиясын, көркөм эстетикалык бийиктиктерге көкөлөтүп көтөрүүдө зор салым кошкон темалардын бири – сүйүү темасы. Сүйүү темасы дүйнөдөгү көптөгөн поэзияларда негизги, маанилүү орунду ээлеп келе жатат. Ашыктык темасын өзүнүн жүрөк ышкысы, чебер таланты аркылуу элдин жүрөгүнө жеткире алган акындар элдин урмат-сыйына татыктуу болуп келген. Бул темада иштеген акындардын шыктарынын деңгээли айкындалып, алар кыйын сыноолордон өтүшкөн. Кыргыз поэзиясында көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келе жаткан атактуу акын С.Жусуев да окурмандардын көркөм табитине шайкеш келе турган, алардын купулуна толо турган ашыктык ырларын жазуу үчүн көп чыгармачылык күчүн жумшаган.Себеби акынды окурмандардын кеңири катмарына таанытууда башка темадагы ырлары менен катар ашыктык ырлары да ырааттуу кызмат өтөгөн.С.Жусуевдин кынтыксыз, кудум зергерче иштеген образдары, живописттик өзгөчө боёктору, уйкаштык системасы аны көптөгөн акындардын ичинен дапдаана эле айырмалап турат. Улам чыккан жыйнактарын жаңы ой, жаңы көркөм ыкма, боёктор коштоп келет. Анын махабат темасындагы ырлары лиризмге бай. Аны мүнөздөөчү каражаттар да көп түркүн. Ошондуктан С.Жусуевдин махабат ырлары, эл ичине кеңири тарап кеткен.

- «Сен», «Жайлоодогу кыз», «Сүйүү сүрү», «Сулуу», «Кош жылдыз», «Жүрөккө жүрөк талпынып» ырларында сүйүү сезимин кылдат, сыпайы мүнөздө даңазалаган.

- С.Жусуев да махабат лирикасында жаштардын оюндагысын таап, алардын романтикалуу учкул сезимдерине шайкеш келген сүйүү ырларын жараткан. С.Жусуев лириканын назик сырларын билет. Анын махабат лирикасы- чын жүрөктөн оргуп чыккан ак жаркын лирика. Акын нагыз, реалисттик ыкма менен иштеп, жаңылыкты сырткы формадан эмес, ырдын мазмун-маңызынын өзүнөн таба билет. Башка ырлардай эле сүйүү темасындагы ырлары да ойлорун так, даана, көркөм, элпек тил менен жазылгандыктан алар обонго салууга өзүнөн өзү ылайык келип турган. Ошондуктан Республикабыздын бир топ композиторлору, обончулары С.Жусуевдин ырларына музыка жаратышып, ал ырлар азыркы күндө да ырдалууда. Мисалы, А.Өзүбековдун «Кош жылдыз» ыры элге терең сиңип кеткендиги далил болот. Ал эми жетимиш сегиз курагына карабастан, С.Жусуев опол тоодой керемет сүйүүнү даңазалаган поэмасын жазганы окурмандарды таң калтырбай койбойт. Бул «Канат жана Зарина» аттуу реалдуу чындыктан алынган поэма.

- Поэма өлүмгө эмес, өлбөс-өчпөс, анык махабат, адил, ак сүйүүгө арналган. Поэманын жаралыш тарыхына кыскача токтолсок, 2003-жылдын январь айында Бишкек шаарында эң кайгылуу окуя болуп өткөн. Азыркынын Ромео менен Жульеттасы, Олжобай менен Кишимжаны – Канат менен Заринанын сөөктөрү шаардын четиндеги Чоң-Арык көрүстөнүнө он экинчи жана он үчүнчү январь күндөрү бири-бирине жанаша коюлган. Бул жыйнакка тунук, ак, чындап сүйүшкөн, махабатты өмүрлөрүнөн да жогору баалашкан эки жашка арналган чоң поэма кирген. Эки жаштын армандуу өлүмүнө карата «Канат менен Заринага гүлдесте» деген китепче да кошо чыкты. Буга белгилүү акындардын ырлары жана композиторлордун музыкалык чыгармалары киргизилген. Поэма башталганда эле:

- Тагдыр буйруп, мен жаңы кылым көрдүм,
- Ал кылымдын үчүнчү жылын көрдүм.
- Андан ары капысынан жүрөктү титиреткен, кайгы артынан да кайгынын удаа келгендигин, мындай кайгыны тартам деген ою жоктугун, поэма жазууну ойлобой тургандыгын айтып келип:
- «Кайсыл калем жактырсын муң жазганды,
- Жазбай кое албадым, жаз деп айтты,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- Жабыркаган жүрөгүм бул дастанды» – деп,
- бул поэманын атайы ойдон чыгарбаганын билдирет.
- Баштан аяк нак чындык, нагыз чындык,
- Баары чындык, чындыкка ыр арнадым–
- деп баш сөзүндө айтылган. Канат менен Заринанын аздектеген асыл ойлору, таза, жалындуу махабаты армандуу махабатка айланды. Муну уккан жандын баары таңданып, азыркы күндө да сүйүүнүн анык күчү кете электигине ынанышты.Бүгүнкү күндүн легендасына айланган эки жашты Чоң Арыкка чогуу коюшту. Тирүү кезде эле айтып жүргөн Канаттын «тирүү кезде сагынышып көрүшүп, өлгөн соң да бир болобуз экөөбүз!» деген сөзү да келди. Чындыгында сүйүү үчүн жаш өмүрүн кыйган Заринанын эмнеси кем Лайлиден, кыз Жибектен, Кишимжандан, Жульеттадан деген ой окурманга келээри шексиз.
- Эки жашка элдин баары таң калды,
- Булар сындуу шартка бекем жан барбы?
- Чыгаан чыгып, үлгү болуп чыныгы,
- Чындыгында ыйыктарга айланды.
- С.Жусуев бул поэманы жүрөгү канап, көзүнөн жашы куюлуп туруп, чын дилден чыккан эң армандуу саптарды жараткан. Буга себеп болгон, биринчиден башкы каарман, ары жок ажалдын жеми болгон Канат Арунов өз небереси экендиги, экинчиден, эл ыйласа кошо ыйлап, эл жыргаса кошо жыргаган анык элдин акынын мындай зор, ыйык махабат баяны кантип эле колуна калемин карматпасын. Себеби буга чейин эле «Ак Мактым», «Ак Саткын» аттуу поэмаларында анык сүйүүнүн отуна түшкөн эки жаштын трагедиялуу тагдырын баяндаганын айтып кеттик. Андан соң өмүрлөрү трагедиялуу аяктаган эки жаштын тагдыры жөнүндө «Эки ашык» аттуу поэма жаратканын көрөбүз. Демек, биздин өтө сезимтал акыныбыз С.Жусуев сүйүү темасына келгенде бүт турпаты менен кошо кирип, жүрөгүн канатып, эң эле актуалдуу темага айландырганы анын чыныгы махабатты даңазалаган, таазим эткен улуулугунан, нагыз акындык күчүнөн кабар берет. Бул китеп азыр да колдон-колго өтүп, талашка түшүп турган убагы.

- Ал эми ыр менен жазылган «Курманжан датка» романы өзүнчө сөзгө алынарлык чыгарма**.** Ыр менен роман жазуу кыргыз адабиятында саналуу. А.Токомбаевдин «Кандуу жылдары», А.Токтомушевдин «Алтын Тоосу», О.Султановдун «Адамдын турмушу», С.Жусуевдин «Курманжан датка» романын жана бүгүнкү күндө адабиятта сенсация жараткан «Раззаковдун тагдыры» романын гана айта алабыз.

Айтылуу Курманжан датка боюнча көптөгөн эмгектер басма беттеринде жарык көргөн. Айрыкча Т.Касымбековдун «Келкел» романында датканын көркөм элесин тартса, бир катар жазуучу-тарыхчылардын эмгектеринде да анын коомдон алган ордун баса белгилеп беришкен. Ал эми датканын өмүр жолун ийне-жибине чейин калтырбай тизип баяндаган акын Сооронбай Жусуевдин эмгеги өзгөчө оозго алынарлык. Бай тажрыйбага ээ болгондон кийин гана ал бул тарыхый инсанды жазууга батынды. Мындай көлөмдүү жана терең чыгарманы жазуу үчүн бир топ жылдар бою керектүү материалдарды жыйнап, көп камылга көргөндөн кийин 1989-жылы баштап, 1992-жылы бүткөн. Андан кийин да романдын кол жазмасын кайра башынан аягына чейин карап, зарыл оңдоолорду киргизип, кошумчаларын кошуп, басмага даярдоого бир топ убакыт жумшап, «Руханият» ассоциациясынын спонсорлугу астында 1994-жылы басмадан чыккан. Бул романдан да С.Жусуев ыр жазууну чебери экендигин көрсөткөн.Ал ырдын эң татаал формасы болгон 7 саптуу строфалык түзүлүштө жазган. Романда да уйкашсыз саптарды табуу кыйын. Мында лирикалык пландагы ой толгоолор, каармандын ички дүйнөсүн ачууда тарыхый көркөм элестетүү, жалпы адамзатка тиешелүү болгон көптөгөн маселелер боюнча философиялык ой жүгүртүү романдын салмагын жогорулатып, иштин идеалдуулугун ачып таасирдүү деңгээлге жеткире алган.

Чыгарма жеке эле кыргыздар эмес, бүткүл Борбор Азия элдеринин тарыхында «датка» деген бийик даражаны алган, кийин орустар тарабынан «Алай ханышасы»

(Алайская царица) деген ардактуу наамына ээ болгон саясий ишмер, акылман эне
Курманжан датканын өмүр жолуна арналган.

Романда жеке адамдын өмүр баяны кыргыздар менен карым-катышта, тыгыз мамиледе болгон элдердин жашоо-турмушу, коомдук-саясий, социалдык абалы менен бирдикте чагылдырылган. Романда эң татаал форма болгон жети саптуу сонет формасында жазылып, мындагы эң негизги өзгөчөлүк-романда тарыхчылардын тиши өтпөгөн татаал маселелерди автор поэзиянын тили менен чечип бере алган. Себеби Сооронбай Жусуев «датка айымдын» ички дүйнөсүн, тереңге катылган ойлорун даана ачып берүүгө жетишкен. Курманжан аялзаттан чыккан ашкан акылман, даңкы таш жарган чыгармага материал болууга толук татыктуу инсан. Өкүнүчтүүсү, 1917-жылдан 1990-жылдарга чейин партиялык бийлик тушунда Курманжан датка сыяктуу инсандарга көңүл бөлүнбөй бейкапар көмүскөдө калышып, кийинки муундарга көп маалыматтар жеткен эмес.Сексенинчи жылдардын аягында гана Сооронбай Жусуевге Курманжан жөнүндө чоң эпикалык полотно жазууга толук эркиндик берилип, чыгармачылык максатын ишке ашырууга шарт түзүлгөн.

Алай. Алай. Алайды бүт каптап кар,
Адыры да, аскары да аппак кар.
Айланага көз жиберсең көрүнөт,
Аппак кыя, аппак кокту, аппак жар.
Ак оронгон чакан дарак, чоң дарак,
Айылдарды аралаган жолдор ак,
Адам дагы, ат да басат таптап кар,

-деп кең Алайдын көз кубанткан көркүнө ода ырдап, анын кыш мезгилиндеги айлананы ак кар баскан кооз көрүнүшүн кылдаттык менен ачып берет.

Чыгарма, токсон алты жаштагы Курманжан датканын Мадыдагы балдарын көрүү үчүн сапарга аттанганы менен башталат:

Бирок, датка курчу кеткен көзүнөн,
Сезип барат ушул кыштай өзүнүн,
Өмүрүнүн кышы келип турганын...

Бул башталууну символикалуу деп айтсак болот. Бекеринен акын кычыраган кыштын кар жамынган көрүнүшүн сүрөттөбөсө керек. Себеби Курманжан датканын жазгы күндөй жаркыраган жаштыгы эбак кетип, өмүрүнө кыш кирген. Бул анын эң акыркы сапары болчу.

К.Ташбаев белгилегендей, роман Курманжандын бүтүндөй өмүр жолун, ойноок, шайыр тентек кыз кезинен тартып, токсон алты жаш курагына жетип, байбиче болгон учуруна чейинки турмушун сүрөттөөгө арналган. Ошону менен бирге Түштүк Кыргызстандагы тарыхый окуяларды, ал окуяга тикеден-тике катышы бар инсандардын образын көркөм ыр саптары менен ачып берүүгө да көп аракеттер жумшаган.

Тарых боюнча Анжияндын акими Алымбек 1923-жылы аны чыккан жеринен биротоло ажыратып үйлөнөт. Курманжан Алымбек менен жыйырма тогуз жыл жашап, анын бардык мамлекеттик иштерине көмөктөш болгондугун Сооронбай Жусуев да бир кыйла чеберчилик менен ырга салган. «Ушунчалык узун өмүр жолунда, нени баштан өткөрбөдү Курманжан» дегендей, датка айым негизинен сый-урматтын үстүндө жүрсө да, ысык-суукту бирдей тартып, көп оор кайгыны башынан өткөргөн. Акын мына ошол окуяларды бир тилкеге салып, Курманжан жол жүрүп бараткан кезде өткөн турмушун эскерүүсү аркылуу сюжетти өнүктүрөт. Тактап айтканда, сюжет бир кылка ыргакта өнүгүп жүрүп отурат.

Алгач ирет ушул Жылуу-Булагын,
Көргөн кезин, ушул кырчын курагын,
Кайра эстетти анын күлүк кыялы...

Эң алгач анын ойноок бала чагы, андан соң бой жеткен селкинин ата-эненин сөзүн кыя албай Кулусатарга келин болуп кетип баратып, жол боюндагы «Жылуу Булакка» токтоп,

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

«кайда кетсем, мени кайра алып кел, калкан болуп сактай жүргүн жанымды!» -деп су кайрылат. Бирок бул салт алдында алсыз аялзатынын аргасыз кайрылуусу болчу. Барган жеринде:

Бир карады-кызга жигит жакпады,
Шек билдирбей сырын ичке сактады,
Күйөө эмес Курман мындан бак көрчү-

деген саптар менен Курманжан күйөө сөрөйдү сындын элегинен өткөрүп да, өз бүтүмүн чыгарат. Бирге өсүп, чоңойгон курбусу Суксурга да акын бекеринен токтолгон эмес. Суксурду ыр жаздың деп көгала койдой союп, өтө деспоттук мамиле кылгандыгы үчүн шордуу кыз асылып өлүүдөн башка жол таба албайт. Демек, Суксурдун образын контрастка коюу аркылуу анан Курманжандын образы ачылат. Андан ары эмне болду? Албетте, тайманбаган баатыр кыз өзүнүн чыныгы өмүрлүк жарына жолукту -ал бакыт-таалайынын ачкычы Анжияндын акими Алымбектин колуна тийди.

Курманжандын Алымбек датка менен үй бүлөлүк турмушту башташы да романда көркөм чагылдыруунун ар түркүн ыкмаларында ишке ашат. Аял биринчиден өзүнүн сарамжалдуулугу менен Алымбекти ыраазы кылса, экинчиден, тез эле Алайлыктардын купулуна толуп, урмат-сыйга ээ болуп, кожоюнунун ишенимдүү кеңешчисинин деңгээлине жетет. Буга жетүүгө эмне себеп болду экен? -деген суроо туулушу мүмкүн. Бизге белгилүү болгондой, Алымбек Кокон хандыгындагы саясий күрөштөргө катышып, хандын эң жакын кишилеринин бири болуп жүргөн. Ошондуктан, Курманжандын дүйнөгө болгон көз карашы, кулк-мүнөзүнүн өзгөрүшүнө өтүп жаткан саясий окуялар зор таасир эткен. Эл ичинде тез эле кадыр-барк тапкан Курманжан жары Кокон шаарында өз кызматын аткарып жүргөн мезгилде анын ордун басып, алайлык кыргыздарды башкарып турган. Бул анын акылынын тетиктигин, адамдык парасатынын күчтүү экенин айгинелейт

Курманжан толук элдин турмушундагы ар кыл маселелерди, кээде барып турган өтө татаал маселелерди чечүү туура келген. Ошондуктан аны алайлыктар Алымбек даткадан кем көрбөй ар кыл арыз-муңдарын айтып чечип берүүнү суранышып Курманжанга кайрылып турушкан.

Романда Алымбектин образын ачууга да андан кем эмес көңүл бөлүнгөн. Ал даражага, атак-даңкка ышкылуу мансапкор, тайманбас эр, Ошол эле учурда кыраакы башкаруучу катары элдик киши болуп сүрөттөлөт. Мисалы,

Мансап самоо жумшап бардык жан-алын,
Жалгыз гана максаты эмес ал анын,
Башы кыйшык башчылардан кокондук,
Талашуу эле толук элдин таламын.

Курманжандын образы күйөөсү Алымбек датканын образы менен айкалышта, а түгүл карама-каршылыкта өнүгүп жүрүп отурат. Бул инсандардын эң алгачкы пикир келишпестиги Курманжандын жаңы келин болуп келип, эл оозуна алынган мезгилден башталат. Ага ичи күйгөн Алымбектин туугандары даткага тескери кабарларды жеткирип, каары кайнаган Алымбек Кокондон келип, Курманжанга кермек, кекээр сөз айтат. Буга тууганДарынын: «Алымбектин кайда кеткен акылы//Адамдарды бийлеп алды катыны//Алайды бүт катынына бийлетип//Өзү катын болуп турат акыры!» -деген сөздөрү сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете жаздаган. Ошон үчүн шашылып келгенин сезген Курманжан астына даам коюп, төмөнкүдөй жүйөөлүү сөздөр менен датканы уят кылат:

Мен барк алсам, демек сиздин баркыңыз,
Аракетим - сиздин ишти колдомой,
Ак дилимен сиздин жолду жолдомой,
Асыл даткам, ачууңуздан кайтыңыз.

Мындай жүйөөлүү сөзгө датка жумшарып, Курманжандын ташты эриткен сөзүнө таң калганы романда жакшы берилген.

«Коога артынан коога» бөлүмүндөгү ханга каршы козголоңдо бийлик талашкан Алымбекти Мусулманкул жолдон алып салаарда Курманжан сактап калганы да абдан

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

көркөм берилген. Ал Алымбектин кемчиликтерин тайманбай айтып, дайыма оң жол[illegible] салып турганын акын романда ишенимднң баяндоого жетишкен. Алсак, датканын Кашкардагы козголоңго катышканына жаны ачып, төмөнкүдөй ачуу сөздөрдү айтат:

«Жалаңга!» деп айтсам , кирип жаңгелге,
«Тегизге!» деп айтсам, түшүп аңгелге,
«Бурулбаңыз!»десем, салып терс жолго,
Түшпөдүңүз түз кетүүчү даңгелге.
Узун жолду көп байкабай баратып,
Урулбаңыз өткүр мииздүү маңгелге!..

Мындагы Курманжандын датка күйөөсүн жемелегени орундуу берилген. Даткага жарынын ачуу сөзү көп тийсе да, акыры келип ал күнөөлүү экенин сезбей койгон эмес. Бирок бийлик кумары аны кайрадан Кокондун кан жыттанган ордосуна апарат. Көп өтпөй Малахан орустарга каршы жүрүш жасоого чакырат. Ошондо Алымбек датка тайын ат арытып, асыл жарынын кеңешин укканга зарылып келет. Датка айым Алымбекке элдин убалына калбаңыз дегендей кеңеш берет:

Хан алкышы, калк алкышы бийикпи?
Же сиз калкты, же сиз ханды тандаңыз,
Калсаңыз да, жалгыз хандын каарына,
Калың журттун каргышына калбаңыз!

Бул сунушту аксакалдар да колдойт. Ошондо ар дайым атакка умтулган датка эл сөзүнө, акылман жарына баш ийип, элди урушка салбастан, аскерлерди артка ээрчитип жөнөйт. Бул кылыгы үчүн бийликтен четтетилип, акыры өзү такка отургузган хан тарабынан куугунтукталат.

Романдагы көркөм сөз каражаттарын талдоо – бул көркөм чыгарманын негизги өзөгү эмеспи. Демек, «Курманжандын» беделин жогорулаткан андагы көркөм сөз каражаттары анын жүзүн жакшылап ачууга чоң өбөлгө болот.

Өзгөчө белгилеп кете турган нерсе, Курманжан датканын эң негизги принциби - өзү башкарган аймактын биримдигине шек келтирбөө эле.

Кан шырылдап, кырылганча миң киши,
Кантем...кантем...жанын берсин бир киши,

-деп, өз баласын өлүмгө өкүм чыгарылышын чыдап көтөрүүдө канчалык эрк, акыл талап кылынат.

***Өлсөң уулум, эркектей өл, эрдей өл!***
Өлөрдө да эч намысың бербей өл!-дейт ал баласына.

Эненин кайраты Камчыбектеги коркуу сезимин артка түртүп, өлүмгө тике караганы анык баатырдыгынын мисалы. Атанын ар намыстуу уулу экендигинин анык үлгүсү. Ошондой кубат, кайрат менен бирге Курманжандагы энелик сезимди кантип танабыз. Ал таш болсо да баласын асып жаткан каардуулукту кантип чыдап карап тура алмак эле... Эне ичинде мындай сүйлөйт:

Уулумдун туруп жанында,
Уулумду салдым жалынга...

«Не конуп бийик атка мен//не болуп жүрөм датка мен» - деп уулун куткара албаганына ичи өрттөнөт. Ошол учурда датка эне карапайым энелерге окшоп кайгы тартат, баласынан ажыраткандарды каргаганы табигый көрүнүш.

Курманжан датка өмүрүнүн биринчи жарымында аздыр-көптүр жакшылык көрүп, тынч турмушта жашаса, өмүрүнүн экинчи жарымында кайгы-муңдан арылган эмес. Тагыраак айтканда, баштагы курч, бийликке тике караган инсандан өмүрүнүн аягы ошентип трагедияга айлангандыгын акын Сооронбай Жусуев талантынын бардык күчүн жумшап, окурмандар алдында ачып бере алган.

Жыйынтыктап айтсак, Сооронбай Жусуевдин «Курманжан датка» романы чоң акындын кыргыз адабиятына кошкон чоң салымы болуп эсептелет. Албетте, кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынын маанилүү этабын чагылдырган бул эпикалык чыгарма

акындын өтө маанилүү жеңиши. Оюбузду жыйынтыктап жатып, Сооронбай Жусуевдин талантынын, чеберчилигинин дагы бир кырларын эскерте кеткибиз келет: биринчиден, Сооронбай Жусуев бул чыгармасында «түндүк», «түштүк» деп элибизди бөлүп-жарууга түздөн-түз каршы. Акындык күчүнүн негизи дал ушул ойду так жана көркөм чагылдырып беришинде.

Экинчиден, илим-билимге жетишүү жүрөгүн өйүгөн олуттуу маселелердин бири болгон. Бул Молдо Ниязга арналган бөлүмүндөгү ойлордо даана көрүнөт. Датканын ушул эки тилеги тең азыркы өз алдынча мамлекет катары жашаган Кыргызстанда толук ишке ашкан.

Бул роман боюнча адабиятчы К.Артыкбаев төмөндөгүдөй оюн билдирген: «Бир гана эскерте турган нерсе ─ романды баштан-аяк окуп отурганда автордук баяндоонун бирдей ыргакта кайталанып жүрүп отурушу окуучуну бир аз зериктирип жибериши мүмкүн. Бирок, бул романдын жалпы идеялык-эстетикалык деңгээлинин, көркөм табылгаларынын мол экендигине эч кандай кедерги боло албайт.»[1]

Эскерте кетчү нерсе, 2004-жылы «Курманжан датка» романы басмадан экинчи жолу чыккан. Себеби бир чети өзүнө талапты катуу коё билген С.Жусуев чыккан чыгармасын дагы бир жолу эрикпей карап чыкса, экинчиден бул китептин кээ бир окурмандарга жетпей калып, сурагандардын саны көбөйгөндүктөн чыгарды деген ойдобуз. Бул китептин экинчи жолу чыкканы эң жакшы көрүнүш катары кабыл алсак болот.

Живопистүүлүк ─ Сооронбай Жусуевдин лирикасынын жаны. Сөздөр да көп катмарлуу, көп ырлуу, аларда күч, жигер, өмүр да бар. Акын кубулуштардын табигый айкалышындагы жөнөкөй көзгө байкалбаган көз ирмемчелик учурларды кармай билет.

• С.Жусуев кубанычын да, кайгысын, жакшы көрүүсүн да, таарынычын да эч качан кургактап, жөнөкөй сөздөр менен айтпастан, дайыма салыштыруу же болбосо ой түрмөктөрүнүн урунттуу учурлары менен кайрыйт. Ал кайрыктарда философиялык терең ой түйүндөрү, акыл-насаат, этиканын мыкты белгилери чагылдырылат.

• Коом жана адам, ата жана бала – бул түбөлүктүү проблемалар. Адамсыз, адам коомусуз дүйнөдөгү колдун да, жыттын да, гүлдүн да, дарактын да, салмактын да, сулуулуктун, кыскасы, табийгаттын бардык кооз көрүнүштөрү эч кандай мааниге ээ эмес деген терең философиялык жыйынтык чыгарат. Бул жерде акын жаратылыш көрүнүштөрүн саноо менен чектелбейт. Тескерисинче, алардын ар биринин ички маңызын ачып, аларды адамдын тагдыры менен диалектикалык бирдикте карайт. Албетте, философиялык лириканын сферасы чексиз, бирок, ошондой болсо да анын мазмунун адам, анын өмүрү менен өлүмү, бактысы менен келечеги түзөт.

- О, татаал, кандай татаал адам жолу?
- Карасаң, адам назик, адам – долу,
- Адамды адам өбөт жүрөгү эрип,
- Адамга канжар малат адам колу.
- Эң оңой жырткыч болуу бир заматта,
- Эң кыйын «өмүр бою» адам болуу –

• деп адамдык наамды актоо баарынан кыйын, баарынан барктуу экенин көргөзүү С.Жусуевдин лирикасынын негизги пафосун түзөт.

• Ал эми Исхак Раззаковдун бүтүндөй өмүрүн чагылдырган «Раззаков тагдыры» деп аталган көлөмдүү жана көркөмдүк-идеялык мааниси зор романды ырга айлантып салганы адабият жаатында чоң сөзгө алынды. Акындын бул эрдиги анын талыкпай иштеген анык сөз чебери экендигин дагы бир жолу далилдеп койду.

**Адабияттар:**

[1] Артыкбаев К. Сыйлыкка толук татыктуу чыгарма// Аалам.-1994.-22-июнь.-5-б.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com


- 1.Жусуев С. Курманжан датка. Ыр менен жазылган роман. – Бишкек: Руханият, 1994.-304 б.
- 2.Жусуев С. Адамдар. –Бишкек: Кыргызстан,1997.-238 б.
- 3.Жусуев С. Миң кайрык. Ыр китеп. – Бишкек: Шам, 2000.- 423 б.
- 5.Жусуев С.. Канат менен Зарина. – Бишкек: Бийиктик, 2003.- 194 б.
- 6.Жусуев С.О,анда көктөм эле.–Бишкек: Бийиктик, 2004.-168 б. 7.Жусуев С.Таберик.–Бишкек:Бийиктик,2010.-327 б.
- 8. Жусуев С. Раззаковдун тагдыры.- Бишкек,2004.-480 б
- 9. ЖусуевС. Согуш жана жеңиш.–Бишкек:Бийиктик,2010.-445 б.